ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК:801.8 DOI:10.35803/1694-5298.2022.2.373-378

**ТОЛУБАЕВА Ч.Д., ЖУМАШОВА, Н.А., СУЛАЙМАНКУЛОВА М.Б.**
[1]К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети
[1]ИГУ им. К.Тыныстанова, Каракол, Кыргызская Республика
[2]Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт, архитектура университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[2]КГУСТА им.Н.Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика

**TOLUBAEVA CH.D., JUMASHOVA N.A., SULAIMANKULOVA M.B.**
[1]IGU im. K.Tynystanova, Karakol, Kyrgyz Republic
[2]KSUCTA im. N.Isanov, Bishkek. Kyrgyz Republic
tolubaeva75gmail.ru nazira2101@mail.ru Meerimsulaimankulova@mail.ru

# КӨКӨТӨЙДҮН АШЫНДАГЫ - ПСИХОЛОГИЯЛЫК ОЙ ТОЛГООЛОР

# ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ПРОБУЖДЕНИЯ НА ПОМИНКАХ ПО КОКОТОЮ

# PSYCHOLOGICAL DISTURBANCES IN KOKOTAIS COMMEMORATION

*Бул макалада “Манас”эпосунун “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмүндөгү психологиялык ой толгоолор изилдөөгө алынды. Психологиялык анализ - азыркы адабият таануунун актуалдуу маселелеринин бири. Андыктан “Манас”эпосундагы каармандардын кыял-жоругу, ички жан дүйнөлөрүнүн абалы, ар кандай турмуштук шарттарга байланыштуу кулк-мүнөздөрүнүн чагылдырылышы психологиялык анализдин каражаттары болгон монолог, кептин түрлөрү, пейзаж, портреттер аркылуу иликтөөгө алынды. Өзгөчө “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмү каармандардын психологиялык ой толгоолоруна бай бөлүм. Карапайым элдин кытай-калмак элинен чочулоосу, жаш улан-кыздардын башка улуттун элдерине кулдукка, күңдүккө айдалып кетпесе экен деген коркунучу мыкты чагылдырылган.*

***Өзөк сөздөр:*** *психологиялык анализ, каармандар, кулк-мүнөз, монолог, диалог, портрет, ички кеп, эпос.*

*В статье исследуются психологические переживания в разделе «Көкөтөйдүн ашы» эпоса «Манас». Психологический анализ - это один из важнейших вопросов изучения современной литературы. Исходя из этого фантазии героев эпоса «Манас», состояние их души, отражение их поведения по отношению к различным условиям жизни изучались с помощью монологов, типов речи, пейзажей, портретов, которые являются художественными деталями психологического анализа.*
*Особого внимания заслуживает богатый психологическими эмоциями персонажей раздел « Көкөтөйдүн ашы». Хорошо проиллюстрированы страхи простых людей перед китайцами-калмыками и страх, того что юноши и девушки не будут порабощены рабами других национальностей.*

***Ключевые слова:*** *психологический анализ, персонажи, персонаж, монолог, диалог, портрет, внутренняя речь, эпос.*

*The article examines the psychological upheavals in the section «Keketudyn ashy» of the epic «Manas». Psychological analysis is one of the most important issues in the study of modern literature. Based on this, the fantasies of the heroes of the epic «Manas», the state of their soul, the reflection to various living conditions were studied using monologues, types of speech, landscapes, portraits, which are artistic details of psychological analysis. Particularly noteworthy is the section «Keketudyn ashy », which is rich in psychological emotions of the*

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

*characters. The fears of ordinary people towards the Chinese Kalmyks and the fear that young men and women will not be enslaved by slaves of other nationalities are well illustrated. The care of the old man, the father of the Koshoi people and his personal fears is also well shown.*

**Keywords:** *psychological analysis, characters, character, monologue, portrait, chiklo event, epic.*

“Манас” эпосундагы “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмү каармандардын ички жан дүйнөсүн чагылдырууда психологиялык толгонууларга жыш толгон, көркөмдүк жагынан жогорку чеберчиликте сүрөттөлгөн бөлүм. “Психологиялык толгонуу” демекчи, адегенде адабияттагы психологизмге кайрыла турган болсок, адабият менен искусствонун негизги предмети болгон адамды, анын турмуштагы, жашоодогу жүрүш-турушун, татаал кулк-мүнөзүн адабиятта көрсөтүү. Адабияттагы психологизм ар түрдүү багытта көрүнөөрү белгилүү. Биздин адабиятта каармандардын ички дүйнөсүндөгү психологизмди ачып берүүнүн эки түрдүү принциби колдонулат. Динамикалык жана аналитикалык принцип. Динамикалык принципте каармандын иш-аракети, жүрүш-турушу автордук сүрөттөөлөрдө берилет. Ал эми аналитикалык принципте мүнөздүн психологиялык өсүп-өөрчүшү окурмандардын, көрүүчүлөрдүн көз алдында көрсөтүлүп, каармандардын ички, тышкы монологдорунда, диалогдорунда көрүнөт, каармандын өзү – өз психологиясын ачып берет. Мына ушул принциптердин алкагында талдоо жүргүзө турган болсок, улуу эпосубуздун психологиялык ой-толгоолорго жык толгон бөлүмдөрүнүн бири бул - “Көкөтөйдүн ашы”.

Алсак, кыргыз элинин баатыры, кары Көкөтөйдүн ашын өткөрүү үчүн чоң жыйын өткөрүлүп, ашка болгон даярдыктар көрүлө баштайт. Аш жөн эле сый тамак эмес. Көкөтөйдүн урматы үчүн дүйнөнүн төрт тарабынан меймандар, эл башчылары, баатырлар чыкыртылат. Мындай ашты бардык шарттары менен өткөрүү оңойго турган эмес. Дүйнөнүн ар бир бурчунан чакыртылган меймандарды сыйлоо, ушуну менен катар эле тынчтыкты сактап карапайым калктын камын көрүү үчүн эл баатыры жана башчынын болушу абзел эле. Бирок эпосто сүрөттөлгөндөй Көкөтөйдүн жалгыз уулу Бокмурун атасынын эсепсиз байлыгына эсирип, өзүнүн даңкын чыгарууну көздөйт. Кыргыз элинин тиреги, аска-зоосу болгон баатыр Манасты ашка чыкырбай коёт. Илгертен кыргыз элине душман болгон кытай-калмак элинин Коңурбай, Нескара, Жолой өңдүү баатырлары келсе, карапайым калкты талап-тоноп кетүү коркунучу туула тургандыгын Кошой Бокмурун менен сүйлөшүү кебинде баса белгилейт.

“Манас” эпосундагы дал ушул аш тууралуу окумуштуу С.Байгазиев төмөндөгүдөй маанилүү пикирин жазат: “Көкөтөйдүн ашы” жер үстүндөгү калктардын эл аралык форумуна окшойт. Айтылуу бул ашка Бүткүл Орто Азиянын, Сибир, Алтай аймагынын түркүн калктары гана эмес, алыскы Орхондон, Монголиядан, Жапандын Сыймун аралынан, Кангайдан, Кытайдан, бер жагы Чыгыш Түркстандан, тиги жагы Индостандан, Оогандан, ары жагы Крым менен Урумдан эл чакырылат. Кыскасын айтканда, “Манастагы” “Көкөтөйдүн ашы” бүгүнкү замандагы дүйнөлүк олимпиаданы элестетип кетет, тагыраак айтканда, азыркы спорт оюндарынын эл аралык олимпиадасынын алгачкы прообразы өңдүү. Дүйнөлүк олимпиаданын туңгуч өрнөгү эзелки кыргыз эпосунда берилген десек жаңылышпас элек”,-деп [1. 8 ] айтканы жөндүү. Анткени айтылуу ашта кыргыз элинин эле эмес, жалпы көчмөн элинин оюндары ойнотулуп жатат. Ашта ойнотулуучу оюндарга катышуу үчүн ар кайсы улуттун өкүлдөрү келип жатканы да анык. Андыктан жогоруда айткан окумуштуунун баалуу пикирине кошулуу менен ошол аш учурундагы каармандардын психологиялык толгонууларын, эмоциялык ахыбалдарын изилдеп көрөлү. Ашка болгон даярдыктар көрүлүп баштап, аны кантип жогорку деңгээлде өткөрүү тартиби тууралуу кеңешүү учурундагы Кошойдун, жөнөкөй элдин, байлыкка көпкөн жаш Бокмурундун психологиясы, манасчы тарабынан жогору деңгээлде сүрөттөлөт.

Ашты башкаруу милдети Кошой карыяга жүктөлөт. Өмүрүндө көптү көргөн карыя аш берген киши күнөкөр болоорун, дүйнөнүн төрт тарабынан чакыртылган ар улуттун

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

өкүлдөрү, ошондой эле кыргызга эзелтен өч болгон калмак-кытай келээрин Бокмурунга эскертет.Ошондуктан кызматта жүргөн карапайым элди тоноп кетпеш үчүн баатыр Манасты сөзсүз чыкыртуу керек экенин Бокмурунга түшүндүрөт. Аштын негизги максаты эмнеде экенин түшүнбөгөн, турмуштан али жамандык-жакшылыкты, бар-жокту кечире элек Бокмурун баатыр Манаска кеңеш салып, ашка чакырбайт.

“Ошондо безге сайган эмедей Кошой:
Ой, Бокмурун, кулунум,
Акылыңа акыл кош!
Айыгышкан манжууну
Аш берем деп жыйбагын,
Айтылуу Манас келбесе,
Бөлөк журтту кырбагын!
Ай, Бокмурун, кулунум,
Барлыгыңа салбагын,
Барып берип калмакка
Тукум курут кылбагын!
Малга көпкөн баласың,
Бу тилимди албасаң,
Баары журтту чакырып,
Балакетке саласың.
Кабылан Манас болбосо,
Калың кара журтунду
Дене кул кылып кетпесин!” [2.10-11] Ушул жашына чейин көптү көргөн Кошой карыянын психологиялык чочулоосу бекеринен эмес. Ал жеке керт башынан эмес, Бокмурундун байлыгы таландыга түшөөрүнөн эмес, жалпы ашка келген карапайым калк ур-токмокко алынып, калмак-кытайга олжо болуп туткунга кетпесе экен деп, сары санаага, убайымга түшүп жатат. Анткени ошол Манастын доорунда алдуусу алсызын, күчтүүсү күчүн көрсөтүп, бирин-бири басып турган жоокерчилик заманда ансыз да көп жоготууну башынан кечирген кыргыз элинин бөөдө жерден зыян тартып калуусунан коркот. Бокмурундун акылынын тайкылыгынан, алдын ала ойлонбой иш кылуусунун натыйжасынан аш кызматындагы кыргыз эли таландыга түшүп калаарынан чочулайт.

Көркөм адабияттагы психологиялык анализ кааармандарды ички жана сырткы жан дүйнөсүн чагылдырууда, алардын ой толгоосу, кыялдануусун ар түрдүү турмуштук кырдаалдарда бере алуу мүмкүнчүлүгү менен айырмаланат. Ал эми эпостук чыгармада деле монолог, диалог, портрет, пейзаж аркылуу каармандардын ар кандай кырдаал учурдагы психологиялык абалы чагылдырылат. Маселе “Көкөтөйдүн ашындагы” психологиялык толгонуулар тууралуу болуп жаткандан кийин кайрадан бул бөлүмгө кайрылсак. Ашты башкаруу милдети Кошой карыяга жана Баймырзага берилген. Баймырза Кошой карыя сыяктуу эле көптү көргөн адам катары карапайым калктын кызыкчылыгы үчүн ашка келген калмак-кытай элди сабап, аштын шаанисин бузуп, элди талоонго салып кетпес үчүн, элдин башында чеп катары турган баатыр Манасты сөзсүз чыкыртыш керек деген кеңешин берет. Манас келбесе, аштын айынан аз калкы бар кыргыз журту кытай-калмакка денекул болуп кор болуп калаарын эскертет. Бирок байлыкка көпкөн Бокмурун Баймырзаны жемелеп, кекеткенге чейин барат:

Калкыңа бүлүк салбагын!
Кырдалсыз ишти кылбагын!
Баатыр Манас Таласта.
Манасы жок баштайм деп,
Акылыңдан адашпа!
Он экиде Бокмурун
Обуңду таап иш кылгын.
Оён Манас куп десе:
Ошондо иним күч кылгын!”

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Баймырза мындай дегенде,
Бокмурун туруп муну айтат:
“Какшанба эми, Баймырза какбаш,
Конушуң –татаал сай, Мырза, какбаш,
Минерин-жалгыз тай, Мырза, какбаш,
Ичкениң-кара чай, Мырза, какбаш!
Өзүндүн башың өзүң бил, какбаш,
Көтүңдү кысып, жолго кир, какбаш!
Жолотпоймун ашыма, какбаш!
Жоон кылбайм башыма, какбаш!
Жоо көрүндүң ашыма, какбаш”. [2.16]

“Эпосто сүрөттөө, баяндоо менен катар драматизациялоо-көбүнчө монологдор, азыраак диалог да колдонулат.Кеңешүү, согушчандык сөздөр, коркутуу, сырдашуу, ызааланyy, керээз, насыят айтуу, жеме, тамашалоо, куудул сөз, жай сөздүн бардык түрлөрү бар”,-деп окумуштуу М.Борбугулов айткандай, жогорудагы Бокмурун менен Баймырзанын диалогу эпостогу кайым-айтышууну эмес, драмалык чыгармадагы психологиялык кагылышууну чагылдыргандай курч жана жандуу. Бири бирине психологиялык сокку урган кайым айтышуу диалогдору жогоруда белгилегендей драмалык чыгармадагы каармандардын кулк-мүнөзүн чагылдырган психологизм сыяктуу эпостук чыгарманы эмес, драмадагы психологизмди элестетет. Мындай каармандын кебинде берилген психологизм манысчынын каармандардын сырткы жана ички психологиялык абалын сүрөттөп бере алган чеберчилиги менен бааланат. Чыгармадагы кептин түрлөрү тууралуу улуу жазуучу Л.Толстой өз кезегинде: “Речи, как бы они ни были кросноречивы и глубокомысленны, вложенные в уста действующих лиц, если только они излишни и не свойственны положению и характерам, разрушают главное условие драматического произведения – иллюзию, вследствие которого читатель и зритель живет чувствами действующих лиц” [3.302.]-деп, таамай айтканы драмалык чыгармаларга эле тийиштүү эмес, а адабий, фольклордук чыгарманын бардык түрүнө да туура келет. Манасчы айтуучулук чеберчилиги менен Бокмурундун төрөлгөндөн эч кандай жокчулукту, ар кандай душмандар менен болгон салгылашууну, жоготууну башынан кечирбегенден кийин, атасынан калган сансыз байлыкка таянып, эси жоктук кылып жатканын бөтөнчө белгилеп, ошол учурдагы элдин эртеңки күнүбүз эмне болот деген психологиялык чочулоосун чагылдырган. Бул эпизоддо сүрөттөлгөндөй эле кары Көкөтөйдүн ашына дүйнөнүн бардык бурчунан коноктор менен бирге кара курттай кырса түгөнгүс эли көп кара кытай, калмак-манжуу да жер жайнаган көп аскери менен келет. Нескара, Коңурбай, Ороккыр, Жолой өңдүү кан ичкич баатырларын көргөндө меймандарды тосуп жүргөн жөнөкөй кызматчылар өз жандарынан коркот. Ошол эзелтен кыргыз элине өчү бар кытай-калмакты көргөн элдин сары-санаага баткан ички психологиялык абалына назарыбызды буралы:

“Эркин жаткан эл элек,
Эми талоон болдукпу?
Эстебей келип бул ашка,
Көкөтөйдүн арам сийдиги
Мындан кордук көрдүкпү!
Кумурскадай эл жыйып,
Бизге кылган бузугу,
Айтса кеби түгөнбөйт
Келген элдин кызыгы!
Шибээсин кудай урат бейм?
Аламан коюп, найза алып,
Түк койбой баарын кырат бейм!
Көпкүлөңдүн кордугун
Көргөнү келген экенбиз

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Жер жайнаган душмандан
Өлгөнү келген экенбиз.
Таяна качар Талас жок,
Талкалашып чабышып,
Ажыратып алууга
Астыда Кабылан Манас жок". [2.28-29]. Үзүндүдө таасын берилгендей эле элдин кара-кытай, калмак-манжуудан корккон психологиялык абалы "Манас" эпосунун "Көкөтөйдүн ашы" бөлүмүндө терең чагылдырылат. Манастын ашка келбей калышынан улам, карапайым кыргыз журтунун эле эмес, аттуу баштуу баатырларынын эл үчүн, жеке керт баштары үчүн кооптонгон психологиясы айкын болот. Анткени Манастын караанында эле эмне деген бекемдик, айбат жана сүр турат. А түгүл ашка келип түшкөн калмактардын Нескарасы Манастын келбегенин көрүп башка баатырларына кеңеш салып, ашта башаламандык уюштуруп, Көкөтөйдүн куштай учкан Мааникерин бер деп коркутуп, Коңурбай, Жолойлорго баш ийбегенин денекул кылып кетели деген сунушун кийирет:
"Ээй, Коңурбай, чоң Жолой,
Эселек кыргыз буруттун
Эсебин алам бул журттун.
Ашына карап турбайлы,
Алптары канча,-сындайлы.
Алпынын алы жок болсо,
Ашына найза суналы,
Каяшаяк бергенин
Түк койбой баарын кыралы.
Кеп билбеген момунун
Тирүү байлап алалы,
Каканчынын журтуна
Дене кул кылып салалы!" [2.32-33] Жогоруда Толстойдун каармандардын кебине байланыштуу айткан маанилүү пикири дал ушул жерге туура келет. Анткени Нескара кан ичкич, башынан кыргызга душмандык кылып келет.Андыктан ал өзүнүн ички жана сырткы портреттик жекече мүнөзүнө ылайык кеп айтпаса, анын образы жасалмалуудай болуп калат эле. Элдин психологиясына байкоо жүргүзүп өзүнө ылайыктуу саясатты жүргүзүп баштайт. Ал Манастын жок экенин билет. Эл үчүн жанын курман кылчу башка баатырларды сынап өтөт. Кыргыз элинин баатырларын четинен сынап, ар бирине баа берип токтолот. Ошолордун ичинен Нескаранын кан Кошой менен Эр Төштүккө берген портреттик мүнөздөмөсүнөн мисал келтире кетели:
"Катагандын кан Кошой
Сексен бешке жетиптир,
Бар кайраттын баарысы
Боюнан качып кетиптир.
Мойну кеткен узарып,
Соолуп, көзү кызарып.
Мууну кеткен былкылдап,
Көзү нары жакта жылтылдап,
Эки кычык ириндеп,
Бүткөн бою дирилдеп,
Карып калган жан экен.
Элемандын Эр Төштүк
Эми түрүн көрдү эми,
Артык көзүн салды эми,
Аны сындап алды эми:
"Кайран Төштүк канетет,
Оң далысы кең экен,
Ойротту бузар эр экен.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Билеги жоон, таш жүрөк,
Балбандыгы бар экен.
Туулган эрдин сырттаны,
Өзү элдин кутманы,
Артык баатыр жан экен,
Алты жылга оңолбос,
Кырс муун болгон чагы экен.
Эти калган көк жашык,
Каны калган бир кашык.
Боконо сөөгү толгуча,
Жети жылы болгуча
Алышса канга тойбоймун,
Бул Төштүктү койбоймун” [2.33-34 ]

Калмактардын Нескарасы кыргыз жергесине ашка келип сыйдын үстүндө отуруп Манас баатырдын жогун пайдаланып эзелки кытай-калмактын кегин куугусу келет. Ал кокустуктан эле кол салайын деген жок. Адегенде элди-жерди көрүп, ашта кызмат кылып жүргөндөрдү, аш башкарган баатырларга токтолуп ичинен ар биринин баатырдык келбетине, алп-күчүнө токтолуп өзүнүн ички сынынан өткөрөт. Ушул жерде Нескара ар бир баатырга токтолуп, өзүнүн калмак-кытайдын баатырлары менен теңеп көрүп Манасы жок буларды жеңе алаарына көзү жетет. Ошондуктан Көкөтөйдүн Мааникерин калмакка ылайыктуу ат экен деген шылтоо менен уруш чыгарып элди басып кул кылгысы келген ички ою көрсөтүлдү. Нескара кан Кошой, Эр Төштүктөн башка Буудайык кандын Музбурчак, Урумдун уулу Көкбөрү, Анжыяндан айры сакал Сынжыбек, Маргаландан Малабек сыяктуу баатырларга портреттик мүнөздөмө берип, сынынан өткөрөт. Буларга туруштук берип эки эсе согуштук аракети күчтүү Жолой, Коңурбай, Ороккыр жана башкалар турганда кылымга чейин чатак сала алаарына көзү жетет. Эпосто Нескаранын мындай ички кебинен башка психологиялык кырдаалдарды чагылдырган коркутуу, буйрук берүү кептери бар. Казактын улуу жазуучусу М.Ауэзов да белгилегендей, эпостун “Көкөтөйдүн ашы”, “Чоң казат” бөлүмдөрүндөгү негизги монолог түрүндөгү сүрөттөө, баяндоодон сырткары, каармандардын ички чыңалуусу, курч кагылышуулары баатырлардын сүйлөшүү кептери менен алмашыларын баса белгилеп келип, кептин кеңеш берүү, согушчан кептери, коркутуу, насаат, өкүнүч, керээз, достук-азилдикке байланышкан кептин 6 түрү бар экендигин жазганы бар [4.161]. М.Ауэзов кептин мындай түрлөрүн манасчы Сагымбай Орозбаковдун вариантында белгилеп кеткен. Ал эми биз манасчы С.Каралаевдин вариантына токтолдук. Өзгөчө “Көкөтөйдүн ашы” бөлүмүндө окумуштуу С.Байгазиев, М.Ауэзов белгилегендей каармандардын аш учурундагы ар кандай кырдаалдарга байланыштуу психологиялык абалы терең чагылдырылат. Эпостук эмес, кадимки прозалык чыгармаларда чагылдырылгансып психологиялык анализдин монолог, диалог өңдүү каражаттары аркылуу каармандардын ички дүйнөсү чебер сүрөттөлөт.

## Адабияттар тизмеси

1. Байгазиев С. Улуу “Манас” эпопеясы-дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы [Текст] / С.Байгазиев. – Бишкек: 2016.
2. Манас [Текст] Саякбай Каралаевдин вариантында. – Бишкек: 2010.
3. Толстой Л. Об искусстве и литературе [Текст] / Л.Толстой. - М.: Советский писатель.1958.-С, 302.
4. Ауэзов М. О времени возникновения эпоса “Манас” [Текст] в кн: Энциклопедический феномен эпоса “Манас” / М.Ауэзов. – М.: 1995.